3

# *С Ы Р Д А Ш У У*

## ЖЫПАР УМАРОВА
## (1968)

Акын Жыпар Умарова 1968-жылы Ноокат районунун Көк-Бел айылында туулган. 1994-жылы Ош ПИнин филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн бүтүргөн. Эмгек жолун 1991-94-жылдары Аксы районунун «Ленинчил жаш» орто мектебинде мугалим болуп баштаган. Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетинде 10 жыл кабинет башчы болуп иштеген.

Ж.Умарованын ырлары студент кезинен баштап гезит-журналдарга жарыяланып келет. 2002-жылы «Саамалык – 3» жаштардын көркөм адабий чыгармаларынын жыйнагына ырлары чыккан. 2008-жылы жаштардын «Бүчүр» альманахына да ырлары жарыяланган. «Кызыма кырк нуска», «Сырдашуу» аттуу эки китептин автору.

Учурда Ош МУнун финансы-юридикалык колледжинин улук окутуучусу болуп эмгектенүүдө.

***Кирпик какпай кээде таңды атырам,***

***Кең дүйнөнү жүрөгүмө батырам.***

***Ичи таза, көңүлүндө кири жок,***

***Окурманды СЫРДАШУУГА чакырам.***

## *Кадырман окурман!*

Колуңузда турган китептин кол жазмасын бир дем, бир илеп менен окудум да, кайрадан кайталап окугум келди.

Ишенем, Сиз да ошентип, эргүү менен окуп чыгасыз.

Анткени Жыпар башка адамдын сезимин, арманын, тилегин, кыялын, эңсөөсүн ырга салбайт. Ал өзүнүн чаң жукпаган сүйүүсүн өзү туюп, өзү азабын тарткандай, жашоодо тагдыры кандай болсо так ошондой ырга салат.

Жыпар - жүрөгүнө илхам келип, дилине сездөр шурудай тизилип калганда гана калем кармайт. Жараткан ага табигый талант берген. Акын өзү жашоодо кандай болсо, ырлары да ошондой назик, сезимтал жана баео.

«Акынга мансап эмес, тагдыр керек», - дешет.

Жыпар Умарова - акындык тагдырды өз башынан кечирип жүргөн инсан. Өзүнүн эч кимге окшобогон тагдыры, өзүнүн сыйынып жашаган көркөм дүйнөсү бар. Ал апасы жөнүндө жазабы, туулган жер, достору, өз тагдыры жөнүндө жазабы баарын сүйүү менен, аздектөө менен жазат.

Жыпардын поэзиясында ак жоолук жөнүндө кеп кайталанат. Адам тагдырынын түрдүү кырдаалы жоолук аркылуу ассоциацияланат. Кээде жакшы ыр жөнүндө айтамын деп жатып, жакшы ырды бузуп алабыз. Андыктан, акындын ырларынын бир чымчым үзүндүлөрдү Сиз менен чогуу тыңцап көрөлү.

Сага деген мас жүрөгүм соолукту,
Кеч болсо да өз теңине жолукту.
Ак жоолукту кыйгач байлап назданып,
Мен өзүңө болбой калдым колукту...

*«Өкүнүч»*

Кардай ак кездемеден көйнөк кийип,
Жол жүрсө турат кайың башын ийип.
Барсамбы жаратканга бакыт тилеп,
Кайындай аппак шайы көйнөк кийип.

*«Жай айы бизге бакыт алып келдиби?»*

Тагдырымды өзүм каалап, багыштап,
Жакын көрүп, каттап жүргөн алыс жак.
Быйыл меңден эч ким кабар албады,
Узун жолдор баратабы алыстап.

Тагдыр өзү татаал сырдуу табышмак.

*«Алыс жак»*

Кыйналдыңбы...? Мен да кыйналдым,
Мүдүрүлүп, бирок, сынбадым.
Жүрөгүңдү эзип жалгыздык,
Ыйладыңбы...? Мен да ыйладым.

*«Элегия»*

Тагдырдын буйругубу
Ак жоолук баштан түшүп,
Ак карда турам үшүп.

*«Мезгил жана тагдыр»*

Өзүмдү таштап качып кетким келди.

*«Жалгыз саптар»*

Жолугуу... Көңүлүм ырдап турат.
Коштошуу ...Жүрөгүм ыйлап турат.

*«Сен жөнүндө бүтпөгөн эки сап»*

Кадырыңды таразага саласың,
Убакыттын көзүн карайм деп жүрүп
Бир күн мени сен жоготуп аласың.

*«Үчсаптар»*

Жогорудагы ыр саптарын окугандан кийин, көркөм сөздүн наркына, поэзиянын сезим күчүнө арбаласың, лириканын көлүнө чөмүлөсүң.

80-жылдардын аягы 90-жылдардын башында ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинде студент улан - кыздардын арасында калем кармап, ыр жазгандардын жоон тобу жүрчү эле. «Сапар түйшүгү», «Дүбүрт» дубал газеталарын чыгарчубуз. Ошолордун ичинде баарыбызды өзүнүн жүрүш-турушу менен суктандырып ыр окуган ак жакалуу «Канарейка» кыз бар болчу.

Жылдар өтүп ошол жөндөмдүү студенттердин эң таланттуусу - Жыпар болгондугун мезгил ырастады. Калгандарыбыз көр пенделик кылып, тирүүлүктүн капшабында калып кеттик көрүнөт.

Жыпардын ырларына белгилүү обончулар жакшы обондорду жазып, радио-телевидениелерден уктурулуп жүрөт.

Азыр ыр окуй турган заманбы? - дешет. Жашоодо тазалыкты туу тутуп, жүрөгүндө сезими бар адамдар азыр деле ырды окушат. Жашоого руханий азык алышат.

Акырында айтарым, Жыпардын жагымдуу жыт аңкыган ырларын окуп, жашоого азык алалы!

**Исаков Каныбек**
**Филология илимдеринин доктору, профессор.**

## Апам

Көп кырды басканыңдын издери деп,
Аянычтуу жытын искейм чачтарыңдын.
Көзүңдүн алдындагы көп бырыштар,
Калганбы же издери көз жашыңдын.

Биз чоңоюп, эс тартып калган кезде,
Ак чач болуп, картайып баратасың.
«Чарчап калды көзүмдүн нурлары», - деп,
Аянычтуу сезимди жаратасың.

## Апама

Ээрчип жүргөн бейпил күндөр канаке?
Балалыкты кимге бердим белекке?
Чарчап бүттүм, мен азыркы бактымдан
Ошол күнгө кетеличи апаке!

Курчап алып, кыйнаган ой жок болгон
Кой десе да болбой анда шоктонгом.
Чачтарыңдын көрүп аппак бубагын,
Тентек кыял кызың азыр токтолгон.

## Апама

Табылбас мээримге бай ар бир эне,
Дары экен өзүңдөн уккан жеме.
Сөз укпай, капа кылсам карап туруп,
«Эсен эле болгун» - деп кейир эле.

Тынч укта, мени ойлоп кайгы жебе,
Эркелетип көбүрөөк койдуң неге?
Ак сүтүңдү актаган бир иш кылбай,
Эсен эле жүрөмүн азыр деле.

## Сезим чабыттары

Эмнегедир жүрөк чиркин тыбырайт,
Сыртта жамгыр жашын төгүп дыбырайт.
Эске салып, алыс калган күндөрдү,
Кулагыма жагымдуу сөз шыбырайт.

Эске салчы, алыс калган элести,
Ойлоп көрсөм: ашыптырбыз белести.
Төгүп жаткан тунук жамгыр суулары,
Биздин жаштык, биздин сүйүү эмеспи.

Жүрөктүн кылдарынан чыккан күүдөн,
Сездиңби же билдиңби сүйүү күчүн.
Жамгыр болуп төгүлүп тургум келди,
Кара көзүм, бир өзүңө жетүү үчүн.

## Аяздуу Ошумдун ак кары

Алыстан угулуп жаңырасың,
Жаштыктын алоо назик үнү.
Аялуу сезимди калтырган,
Аяздуу Ошумдун бир күнү.

Ээрчишип, көчөңдө баскамын,
Кечирдик жаштыктын дастанын.
Апапак сүйүүбүз деп ойлойм,
Аяздуу Ошумдун ак карын.

## Балалыкты эскерүү

Жаз келгенде айылга мен көп барам,
Барган сайын жаштыгыма кайрылам.
Ойго түшсө шок мезгил ошондогу,
Бала кыял күндөрдү эске салам.

Кээде туруп, өзүм дагы таң калам.
Көңүл көксөп, айылга эле көп барам.
Келгин куштай туш тарапка учушкан.
Курбуларды таппай калып кайгырам.

Кайдасыңар бирге ойногон курбулар,
Мөмөсү бар дарак болуп калдыңар.
Оюнкарак балалыктын күлкүсү,
Биз ойногон жашыл бактан угулар.

Эх, балалык кыялыңды сагынып,
Жүрөмүн мен бир сезимге кабылып.
Бала бойдон калгым келет түбөлүк,
Бая күнкү ак бантигим тагынып.

Кыялданам, арт жагыма кайрылам,
Көп күлүүдөн, көп сүйлөөдөн айбыгам.
Көпөлөктөй бантигимдин ордуна,
Жакында мен ак жоолукту салынам.

## Табигат бизге баарын тартуулаган

Өмүрдө кечиргемин сүйүүнү мен,
Жүрөгүм алоолонуп кыйноо тарткан.
Өкүнбөйм аял болуп жаралганга,
Табигат бизге баарын тартуулаган.

Турмушта мүдүрүлүп, эч сынбаган,
Күлүк ой курчап алып, көп кыйнаган.
Муңайып, көздөн жашы төгүлсүн деп,
Сыр ачпас сүйүүнү да тартуулаган.

Байлыкты каалабайбыз басып жыйган,
Бирөөгө жар болобуз багы ачылган.
Болобуз наристенин апакеси,
Табигат бул милдетти белек кылган!

## Арзуу

Жаштык, сүйүү жылдарына эч ким тойбос,
Ал күндөрүң жалынсаң да келе койбос.
Көңүл түтпөй, арзуу жаздым, Көпөлөгүм,
Учуп кеткен Чымчыгың- мен, кайра конбос.

Ырга дагы, сөзгө дагы болуп сараң,
Сен тарапка көңүлсүз кайра барам.
Көздөрүңдөн бардыгын окуп турат,
Эркелетип, өзүң сүйгөн Канарейкаң.

Мезгилдин шашканына көңүл бурсаң,
Өтүптүр алтын күндөр, каламын таң.
Бакыт издеп, сабалап учуп жүрөт,
Баягы өзүң сүйгөн - Канарейкаң!

–

# Өкүнүч

Обону: Ибрагим Жунусовдуку. Т.Черикчиева аткарат.

Сага деген мас жүрөгүм соолукту,
Кеч болсо да, өз теңине жолукту.
Ак жоолукту кыйгач байлап назданып,
Мен өзүңө болбой калдым колукту.

Мезгил деген өтүп барат карачы,
Адамдын да өзгөрөт ой-санаасы.
Күндүр-түндүр тынчсызданган апамдын,
Болбой калдың эрке күйөө баласы.

Апакеңдин болбой калдым келини,
Болсо керек сүттөй аппак пейили.
Аттиң, арман! Жаштык сырын чече албай,
Бүтпөй калды махабаттын сейили.

## Жай айы бизге бакыт алып келдиби?

Жашыл жоолук салынган жаз айьгада,
Өзүмдү окшотомун ак кайыңга.
Кайың сымал жүгүнүп, өткөн жайда,
Келин болуп келгенмин бул айылга.

Жамгырды, катуу суукту шамал жорткон,
Ак кайың тура берет тоготпостон.
Ыргалып мен да жашап келе берем,
Кыялкеч үмүтүмдү жоготпостон.

Кардай ак кездемеден көйнөк кийип,
Жел жүрсө турат кайың башын ийип.
Барсамбы жаратканга бакыт тилеп,
Кайыңдай аппак шайы көйнөк кийип.

## 20 жаш

Обону: Айчүрөк Убайдуллаеваныкы.

Жандап келет жолдош болуп бир санаалаш,
Калыптанды эки жактуу бир көз караш.
Өткөн күндү артка таштап, бет алдыма
Салам айтып, кирип келди 20 жаш.

Мезгил тулпар, баратасын кайда шашып,
Мен өтөөрмүн бийик-бийик ашуу ашып,
Учкан куштай мезгил да учуп өтсө,
Жаштык кез да бараткансыйт менден качып.

Сыртта жамгыр төгүп турат кар аралаш,
Даяр турат төгүлгөнү көзүмдөн жаш.
үмүт кылып, бул жашоодон бакыт издеп,
Мен өзүндү күтүп жүргөм 20 жаш.

## 30 жаш

Өмүрүмө бүл-бүл жанып чырагы,
Отуз жаштын кирип келген убагы .
Тополоңдуу кирип келди күттүрбөй,
Алыкулдун боз ат минген курагы.

Өтүптүр ээ.... 30 жылдык көз ирмем.
Жаштык кетти, жакшы түштөй бир көргөн.
Өмүрүң да көп барактуу китептей,
Жылдар өтсө, барактары эскирген.

–

## Кырк жаштын белеги

Кырк жаштын урматы деп кулагыма,
Тагынгым келип турат күмүш сырга.
Жыгылып, томолонуп, канча ыйлап,
Зорго чыктым **кырк** деген ушул кырга.

Келип кырк жаш, турасың кайда шашып,
Албай коем белегиң кантип качып.
Мага белек тартуулап кырк жаш келдиң,
Саамайыма беш-алты бубак чачып.

Мейли келгин мен күткөн кырчын кырк жаш,
Мейманымсың үйүмдө көпкө турбас.
Он жылдан соң мен сени сагынармын,
Жакшы күндү тартуула эстен чыкпас.

Кычыраган карда тосом сени кырк жаш!

## Жалгыздыктын ыры

**Бир** денеде жайгашкан чүкө жилик,
Бөкөлчүдөн сурасам жайын билип.
Устуканга айланып, тартылганча,
Жалгыздыкты билишпейт экөө туруп.

Көптүктү түзүшсө да бир топ чүкө,
Билдирбей «алчы» турат каада күтө.
Жалгыздык ырын ырдап турушкансыйт,
Түгөйлөрүн издешип оң, сол чүкө.

## Эжем

Уйкусуз күндөрдү күзөткөн,
Апам да мээримин тең төккөн.
Атамдын бактылуу үйүндө,
Балалык күнүбүз бир өткөн.

Көңүлгө бек сактап келемин,
Мен деген түйшүгүн эжемин.
Бой жетип калсам да, өзүңө,
Дагы эле эркелей беремин.

Не деген күндөрлү кечирдим,
Сүйрөлүп арганды кетирдим.
Бакыттан, байлыктан жолу жок,
Карыздар сиңдиңди кечиргин!

Акылдан, бакыттан кеч калган,
Кем акыл сиңдиңди кечиргин!

## Тагдырдын талдоосу

Толкун сызык, түз сызык, үзүк сызык,
Жаңыласың, туура деп кээде сызып.
Аныктайсың, толуктап, бышыктайсың,
Талдап жүрүп, өтөсүн жашоо кызык.

«Эмне болду?», - деп коюп карап турат,
Ыйлатат же күлдүрүп, сайран курат.
Сөз өзгөртчү мүчөнү коюп алып,
Тагдырымды өзгөрткүм келип турат.

Суроо бербейм, болду эми чекит коем,
«Өзүмдөгү кемчилдиктин баарын жоем»
-Деп айтсам да, кайра эле көп чекит **бар.**..
Аягына жете албай, үтүр коем.

Тизилишкен күндөр көп тамгалардай,
Кууш жолдо барасың жол табалбай.
Дирилдейсиң, шуулдап, түгөйсүзсүң,
Жүрөгүнө бирөөнүн от жагалбай.

## Кош данек.

«Кош данек» деп аты айтып тургандай,
Түгөйлөштүк данектерден калгандай.
Жеңилгенге кайыл болуп экөөбүз,
Неге ойлонбой мелдештик биз буйдалбай.

Түгөй данек бири-бирине жарашып,
Турган үчүн ойнодукпу адашып.
Бир көйнөккө мелдештирип азгырган,
Кош данектей жүрөлүчү жарашып.

Тагдыр татаал, жанаштырбайт, таябыз,
Жеңилгим жок, кээде күйүп - жанабыз.
Бул оюндан калгым келди жеңилип,
СИЗди аядым, СИЗ да мени аяңыз!

## Алыс жак

От жага албай кайнилерге жалынып,
Өткөн күнүм: баарын эстейм сагынып.
Жаштыгым да, бакытым да билинбей,
Кеткен экен отун менен жагылып.

Сөздөр бүтпөй, сүйлөшөбүз эзилип,
Абысындар бир туутандай сезилип.
Сөздөрүм көп, толуп-ташып төгүлөм,
Азыр калсам мен силерге кезигип.

Тагдырымды өзүм каалап багыштап,
Жакын көрүп, каттап жүргөн алыс жак.
Быйыл менден эч ким кабар албады,
Узун жолдор баратабы алыстап.

Тагдыр өзү татаал, сырдуу табышмак.

## Айыл жана балалык

Чаң көчө..., айлым-баарын эстейм,
Сагынсам оюм жетип, өзүм жетпейм.
Күлкүчү бир кызынды эстейсиңби,
Өзүндөн турмуш куруп алыс кеткен.

Мезгилден балалыктын күнүн сурап,
Көз жашым төгүп турам, төгүп турам.
Ал күндөрдүн бири жок, кайдасынар,
А балалык кол булгап күлүп турат.

Мал айдоочу жайтыбкз Орто-Мойнок
Балалыктын изи калды сенде ойноп.
Кол булгалап алыстан бара жаткан,
Өткөн күндү сагынам азыр ойлоп.

Мен азыр келинимин башка жайдын,
Токтолдум, күлкүчү кыз болбой калдым.
Айылды, балалыкты эстеп алып,
Ыр жаздым, өзүмчө бир ыйлап алдым…

## Өтүп кеткен студенттик күндөр ай!

Эх, жаштык кез кыялыңды агынып,
Жүрөмүн мен тагдырларга багынып.
Кайра келгис студентик күндөр ай,
Элесиңди тумар кылам тагынып.

Аруу, назик кыздардын көздөрүнөн,
Мөлтүрөгөн жаштыгым, сени көрөм.
Саргайынкы сагыныч бешигине,
Өтүп кеткен жаштыгым, сени бөлөйм.

Өтүптүр жаштык күнүм кезиндеги,
Өчүптүр опуу кыял сезимдеги.
Убагында кадырыңа жетпедим,
Кайран гана жаштыгым, кечир мени!

## Элегия

Обону: Түмөнбай Колдошовдуку. АКулбаева аткарат.

Сагьгадынбы..? Мен да сагьгадым,
Кусалуу бир күнгө кабылдым.
Наалат айтып ушул тагдырга,
Таарындынбы..? Мен да таарындым.

Кыйналдынбы..? Мен да кыйналдым,
Мүдүрүлүп, бирок сынбадым.
Жүрөгүңдү эзип жалгыздык,
Ыйладыңбы..? Мен да ыйладым.

Ыйладыңбы..? Мен да ыңладым,
Өзүмдө-өзүм алдап кыйнадым.
Жанга баткан жалгыздык ырын,
Ырдадыңбы..? Мен да ырдадым.

Сагындыңбы..? Мен да сагындым.

## Балдарыма

Тоолордой максатты бийик койгом,
Дагы эле максатым бийик бойдон.
Нурлары уулума төгүлсүн деп,
Бактымды жылдыздарга илип койгом.

Калтырбай күндөрүмдү көп кейиткен,
Бактымды гүлзарларга мен бекиткем.
Сербейген сары кызым жыттасын деп,
Күлкүмдүн чачыласын сээп кеткем.

## Мезгил жана тагдыр

Өткөндү эстей берем,
Ал кезде жап-жаш элем.
Жаркыган ошол жазда,
Жолуккам сени менен

Жашыл жаз артта калыш,
Жай келди бакыт алып.
Аттадым босогоңду,
Башыма жоолук салып.

Өзгөрттүң мүнөзүңдү,
Кыйнаймын мен өзүмдү.
Кусалуу күз кайрыгы,
Сыздатат жүрөгүмдү.

Турмуштун жүгүн түртүп,
Келемин жалгыз үшүп.
Тагдырдын буйругубу,
Ак жоолук баштан түшүп.

Ак карда турам үшүп...

## Үмүт

Ап-аппак карда күттүм,
Келбедиң жүдөп бүттүм.
Үзүлбөй турат үмүт,
Келесиң балким бир күн.

Көнөктөп жамгыр куят,
Төгүлгүм келип турат.
«Сабыр кыл, дагы күт»-деп,
Үмүтүм колун сунат.

Дилиңде бир да кир жок,
Күткөн бар, ойлон бирок.
Үмүтсүз шайтанга окшоп,
Калгандан жүрөк коркот.

## Классташтарга

Канча мезгил өтсө дагы арадан,
Жолуктурду тагдыр бизди кайрадан.
Өзгөрсө да токтоо болуп мүнөздөр,
Баягы эле тааныш көздөр жайнаган.

Эже-агайдын сөзүн укпай кыйнадык,
Балалыктын дүйнөсүндө бир жандык.
Ал ьсүндөрдүн баркын билбей ошондо,
Күйүп-жанып «Балалыкты» ырдадык.

Тентек кыял күндөрдү эске салалы,
Балалыкка кайра бир күн баралы.
Кел классташ, бүгүн кечте олтуруп,
Сырдашуунун отун бийик жагалы.

## Мугалимге

Миңди жыгат билимдүүнүн билеги,
Мугалимдин зор эмгегин билели.
Адам бол деп, бакыт тилеп учурат,
Мугалимдин ошол гана тилеги.

Акыл айтат: заманыңдан калбагын,
«Ийне менен кудук каз» - дейт ар дайым.
Чачыласын чачып жаткан билимдин,
Бар болгула, эжелерим агайым.

## Арзуу

Обону: Түмөнбай Колдошовдуку. Э.Маматкалил кызы аткарат.

Жүрөккө барчу жолду билген барбы?
Жүрөгүм жипсиз сага байланабы.
Тагдырым башка экенин жакшы билем
Арзуулар же арманга айланабы?

Жүрөмүн элесиңден карыш калбай,
Кыйналам жүрөгүңө жол таба албай.
Түшүнбөйм деги кайда баратамын,
Акылым жүрөгүмдү башкара албай.

Кабагын карыш түйгөн булут болуп,
Турамын көздөрүм жашка толуп.
Сен үчүн азап чегип өтөөрүм чын,
Бир жылуу көз караштын кулу болуп!

Бир жылуу көз караштын кулу болуп!

## Сырдашуу

Обону: Эгемберди Талиповдуку. А.Кулбаева аткарат.

Тилеймин өчпөсүн деп аруу сезим,
Көңүлдү көкөлөтөт жылуу кебиң.
Кусалуу музыканын ыргагында,
Бийлегим келип турат бүгүн менин.

Жолукпай калсак эмне? Кээде кейийм,
Көңүлдү көкөлөтөт жылуу кебиң.
Катылуу жүрөктөгү сырларымды,
Ырдагым келип турат бүгүн менин.

Өкүнтпөйт тагдырыма кеч келгениң,
Жыргал ай, бул жашоодо барың Сенин
Эркелеп, ийниңе башым жөлөп,
Сыр айткым келип турат бүгүн менин.

## Сүрөтүңө

Кеткендей жакшы күндөр баары тарап,
Көз ирмебей турасың үнсүз карап.
Кайтарып, жөлөк болгон бул сүрөтүң,
Кыздар сүйгөн жаштыгыңды эске салат.

Таң эрте көзүмдү ачсам сени көрөм,
Көңүл чөксө , буулугуп жашым төгөм.
Телмирип, карагандан чарчабайсын,
Кагазга түшүрүлгөн жүзүңдү өбөм.

Жашынмак ойногонсуп көрүнбөдүң,
Жамгыр болсом, кошулуп төгүлбөдүң.
Сапарга кеттиң эле, келемин деп,
Сагындым жада калса сөгүнгөнүң.

## Кыялдануу

Мезгил тулпар мыйзамынан жаңылып,
Эгер келсе, жаштык күнүм кайрылып.
Эч ойлонбой бараар элем алдыңа,
Ак булуттан, аппак жоолук салынып.

Жолугууга келесиңби сагынып?
Эркелегим келип турат таарынып.
Өмүр бою «жарыгым» деп өтөмүн,
Ак сүйүүмдү шуру кылып тагынып.

Айлуу түндө жылдыздарды жамынып,
Олтурамын кыялдарга агылып.
Амандыгың тилеп азыр турамын,
Жарыгым ай, бир өзүңө жалынып!!!

—

## Туулган жер

Өмүр улап, жашоо оту жанган жер,
Балалыктын тентек жашы тамган жер.
Атам, апам топурагың жазданып,
«Куш уйкусуң» түбөлүккө салган жер.

Эстен кетпейт, жакшы күндөр калган жер,
Сезимдерди дүрбөлөңгө салган жер.
Чаң көчөңдү кайда жүрсөм сагынам,
Атың ыйык, кагылайын Туулган жер

## Таарынуу

Жай түнү, сезим муздап, көңүл үшүп,
Дайрасың таарынуунун келем сүзүп.
Олтурам кур калгансып бул тагдырдан,
Шагым сынып, жылдызым жерге түшүп

Тагдырым боелуп түскө кара,
Желкемден басып турса санаа.
Сооротуп, жөн гана угуп коер,
Мени мендей түшүнөр Адам кана?

Таң атса, баскычын жай гана аттап,
Кайрыгын суз күндүн кайра баштайм.
Жан дүйнөм эңшерилип түтөп турам,
Караңгы коюу түнгө боюм таштап

## Арман

Бирөөлөргө күйүтү аз көрүнүп,
Дагы канча күн кечирем корунуп.
Арманымды мен айталбай, сен укпай,
Биз жүрөбүз түштө гана жолугуп.

Кете бердиң туйшугу жок жай тандап,
Кала бердим өксүү менен ый жандап.
Мен да өтөм бул жалган дүйнөдөн,
Же алданып, же бирөөнү мен алдап.

Болсо дагы жүрөгүмдө таарыныч,
Күчөп барат сага деген сагыныч.
Унуталбайм, бирок менин арманым,
Жолукпайбыз жолдор эки айрылыш.

## Түш

Сырымды карга айтып,
Турамын кышкы кечте.
Түшүмдө келдиң кайтып,
Салдыңбы мени эске.

Шолоктоп ыйлагамын,
Көз жашым тынбай агат.
Жете албай кыйналамын,
Алыстан турдуң карап.

Жылуу сөз мен угайын,
Бурулуп басып кетпе.
Түшүмдө жолугайын,
Ушул кеч мени эсте.

## Түш

Сүйүнөмбү, же билбеймин кейиймби?
Күлөрсүн сен, балким угуп кебимди.
Бул эмнеси, түндө менин түшүмдө
Ээрчип кеттин кош бойлуу бир келинди.

Эки жыл окшоп кетип жыйырма жылга,
Үйүбүз толуп барат кайгы мунга
«Быйыл мен перзент үнүн укпадым»-,деп
Кулагыма салып койдудо күмүш сырга

Жапжаш туруп, зар болдукпу балага
Кейип турам түшүп түпсүз санаага
«Балам жок»-,деп түн жаңырта айтканда
Көз жаш төгүп, басып кеттим талаага.

Бул эмнеси, шумдук түштү жоручу,
Күчөп барат көңүлүмдүн оорусу.
Түшүм эмес өңүм окшоп баратат,
Мен окшоймун аялдардын шордуусу.

## Кызыл - Суу

Алпурушуп Кызыл - Сууда аккан дайра
Ал дайра барат экен шашып кайда,
Кокустан бул дайрага мен кезиктим
Курулушка келип калып ушул жайда.

Суунун жээги бийик тоолор экен,
Сүрдүү тоолор кайсы күнү жаралды экен.
Айылдын кооздугуна көзүм түшүп,
Аземдүү бир сап ырды жазып кетем.

Кыялым азгырылып алыс учтум,
Суктанып тоо, сууларга ырлар сыздым.
Көп нерсе - мен үчүн табышмактуу
Ооба, мен бул айылга чоочун кызмын.

—

## Байчечекей дөбө

Шаардан чыгып, ойноп келдик кечээ биз,
Ушул кундү, балким, дагы күтөрбүз.
Көр тиричилик, бүт көйгөйдү унутуп,
Жаш баладай гүл тердик биз үчөөбүз.

Торгой сайрап, жан жыргатса тебөдөн,
Ырлар бүтпөй, сөздөр бүтпөй толо кеп.
Жаз жыттанган ошол жашыл жайытты,
Атап алдык «байчечекей дөбө» деп.

Боюн түзөп, күн төбөдөн төгүлө,
турган эле бизди карап Күн күлө.
ошондогу биз сүйлөшкөн сөздөргө,
асман күбө, Күн да күбө, Гүл күбө

Көп келербиз байчечекей дөбөгө.

## Акыркы коңгуроодогу ыр

Бир уядан бирге учабыз окшошуп,
Мына бүгүн олтурабыз коштошуп.
Мен силерди салыштырып жүрчүмүн,
Жанып турган топ жылдызга окшотуп.

Жарык нурун кең ааламга таратып,
Топ жылдыздар турат дайым жанашып.
Классташтар бир класста отурбай,
Кетебизби бул мектептен адашып.

Мезгил деген зуулап учуп баратат,
Нечен жолу күндөр батып, таң атат.
Күндөр айга, айлар жылга алмашса,
Жүрөк чиркин сагынычты жаратат.

Унутбайбыз учкан алтын ууяны,
Бүтүрүүчү өз милдетин туябы?
Биринчи ирет колго калем карматып,
Ким түшүрткөн ак кагазга сыяны.

Биринчи ирет колго калем карматкан,
Ал - мугалим, эң бир кымбат бир Адам.
Түйшүк тартып, ар бир күнү ар кандай,
Өмүрлөрүн бизге гана арнашкан.

Аппак мектеп, кызыл доска, партасы,
Кызык эмес бизге мындан башкасы.
Бүт өлкөнү данакерлеп көрсөтүп,
Тигил жерде турат көгүш картасы.

Окуучулук алтын күндөн эстелик
-Деп айтабыз ушуларды эскерип.
Мына биз да онду бүтүп жатабыз,
Ажырашып, кош айтышчу кез келип.

## Карыз берчи бактыңдан

Жаштык деген атырлар,
Таажычынан чачылбай.
Ден-соолуктан ажырап,
Гүлүм калган ачылбай

Кайын энемдин той боорсок,
Чачыласы чачылбай.
Перзентимден айрылып,
Бактым калган ачылбай.

Ай  баратат шашылбай,
Айдан сурайм жашырбай:
карыз берчи бактыңдан,
Бир тамчы көз жашымдай.

_

## Уйкусуз түн

Обону: Э.Талиповдуку. А.Кулбаева аткарат.

Уйкусуз түн. Түпсүз санаа…
Ойлогонум Сен гана.
Жай бараткан Айды карап,
Салам айтам мен сага!

Уйкусуз түн… көнгөн адат,
Олтурамын жылдыз санап.
Жымыңдаган жылдыз айтат:
бул күндөр да артта калат.

Уйкусуз түн тынчымды алат,
Санаа турат мени карап.
Соорономун үмүт кылып,
Бирок ыйлайм жүрөк канап

## Унутчаак агай

«Эртең» деген кандай сонун сөз,
Келечекке үмүт жандырган.
«Эртең» деген сылык, алдоо сөз,
Келээр күндөн көңүл калтырган.

Сөзүңүздү өзүңүз сыйлаң,
Убакытка мени кор кылбаң.
Эртең дагы сулуу таң атат,
Келээр күндөн көңүл калтырбаң.

–

## Жалгыз саптар

Жалгыз сап ыр неге мени ээрчийсиң?

Уйкумду уурдап алган түндөн корком.

Өзүмдү таштап, качып кетким келди.

Жаңы жылда жаңы үмүттөр башталат.

Жаңы жылда эски достор менен!

Кор болосуң кээде туруп, болбогон бир акчага.

Апам айтчу: «Ач олтур да, тынч олтур».

«Жакшы көрөм» деген сөздү жакшы көрөм.

Күнүмдүк «чарчоолордон» чарчап бүттүм.

Байлык деле «бакыт» болбойт экен.

Өрттөгүм келди бүгүн, календардын барагын.

Жакыным деп таарынган кайран көңүл.

## Сен жөнүндө бүтпөгөн эки сап…

Жолугуу ... көңүлүм ырдап турат,
Коштошуу... жүрөгүм ыйлап турат.

Жолуктуң, жүргөндө жалгыз үшүп,
Жылыдым, жылдызым сага түшүп.

Чын дүйнөгө ажал кетти азгырып,
Күтө албадың көнүлүмдү жаз кылып.

Аягы жок «күтүү» деген ыр жазам,
Билесиңби, кыялдагы Бекзадам.

Өзүң деп өткөрөйүн өмүрүмдү,
Сооротуп кет өксүгөн көңүлүмдү.

Кечиктиң, жүрөгүмдү эми эзбе,
Кайда элең суйкаган сулуу кезде.

Унутам деп, кайра эле келсе деймин,
Чырмалышкан ойлорго термелемин.

Мага бакыт, кеч келсе да - бул сүйүү,
Кирпигиңдин ирмелгенин түшүнүү.

Жаза берем, сен жөнүндө ыр бүтпөй,
Күтпөйм деген ойлорго көңүл түтпөй.

Жашайсың сен жүрөгүмдө сыр болуп,
Жолугасың дайым мага ыр болуп.

Эстей берем, мен өзүңдү сагынып,
Көңүлүңдү калтырдымбы жаңылып.

Жолукпай калабызбы ушул бойдон,
Өзүңдү жоготуудан дайым корком.

Кайда бассам жарык болуп сен тарап,
Кыйнап турат сезимдеги бурганак.

Адашкан жакшы күндөр мага өгөй,
Келатат Арман өзү болуп түгөй.

Жолуктуң, жүргөндө жалгыз үшүп,
Жылыдым, жылдызым сага түшүп.

## Үч саптар

Төгүп турса, ак жылдыздар нурларын,
Угуп койчу, жүрөгүмдөн тартуулайм,
Жашыл жаздын гул жыттанган ырларын

Эске салып, өткөн жаштык жылдарын,
Ыр багымдан изде өзүндү, табасың,
Чертип көрүп, жүрөгүмдүн кылдарын.

Күнөө менде, өзүндү көрүп калган,
Канча аракет кылсам да байкабадын,
Билбей, сезбей жүргөнүң мага арман.

Акыркы сени узаткан жерден кайтам,
Сапарда жалгыз калган арманымды,
Өзүмө жолдош болгон желге айтамын.

Бакытпы же арманбы кеч келгениң,
Айталбай, үнсүз тиктеп олтурамын,
Түшүнүп кирпигиндин ирмелгенин.

Өкүнөм бул өмүрдүн аздыгьгаа,
Кыйылып, кош дей албай карап турам,
Кылчайбай бара жаткан жаштыгыма.

Себеп болдуң дагы бир жаңы ырыма,
Кайдан келдиң, өзүм да сезбей калдым,
Мүдүрүлүп, өксүгөн тагдырыма.

Жүрөгүмдө түнөгөн жалгыз сенсиң,
Топтошкон үмүтүмдүн жылдыздарын,
Билбеген деги кызык жан экенсин.

Сагынсам да, анда-санда бир көрөм,
Мен жөнүндө кандай ойдо жүрөсүн,
Салып коюп жан-дүйнөмө дүрбөлөң.

Кадырыңды таразага саласын,
Убакыттын көзүн карайм деп жүрүп,
Бир күн мени сен жоготуп аласын.

## С Ы Р Д А Ш У У

Элесиң арбагансып кетпейт ойдон,
Кабарың билдирчи деп саат сайын,
Жалбарып жардам сурайм телефондон.

Санаам-санга бөлүнөт оюм-оңго,
Сырларымды мен айтып төгүлөмүн,
Үн катпай, сырдуу турган телефонго.

Саат карап күткөн учурлар,
Кыйнаса да, жаным, таарынбайм,
Сен бар учун менде «күтүү» - бар.

Жылуу сезим жүрөктөрдү уялап,
Келатабыз өйдө-төмөн тар жолдо.
«Кыргыз көчү» күүсүндөй кыялап.

Улам тынчың алуучу мен эмесмин,
Бүгүн мага жолугуп эртең кайра
Унутулуп калуучу жан эмесуин.

–

Бул ыр кимге жазылган деп сураба,
Оюмду айтсам, ара жолго таштабас
Ыр жазамын, өткүр мүнөз Мырзага.

Күндөр күлүп, сүйүү толкуп ченемсиз,
турган кезде: «Сен үчүн мен тозокко
түшсөм дагы мейли жаным», - дегенсиз.

Өткөндү эстеп, терезеде турам суз,
Сөздөн туруп, сөздөн кыйрайт тагдырлар
Сөздү баалап кадырлаган Адамсыз.

Шашпа, жамгыр карап тур,
Айлык тийсе зонтик алам,
Мейли сыртың салып тур.

## Төрт саптар

Жай. Саратан сезим муздап көнүл үшүп,
Дайрасын ой-санаанын келем сүзүп.
Олтурам кур калгансып, бул тагдырдан,
Шагым сынып, жылдызым жерге түшүп.

Арман айтып, жаратканга таарынып,
Мен да жүрөм бала жытын сагынып.
Түшүнсөк кийин, балким, түшүнөөрбүз,
Калдыкпы, биз тагдырдан жаңылып.

Апам жок, кагылып тосуп алчу,
Айылга балдарымды алып барсам.
Апам жок жамандыктан калкалачу,
Ысыкта же суукта калып калсам.

Өкүнүү, көз жаш, арман – баарын берип,
Тагдыр да аябады мени көрүп.
Маңдайга жазылганы ушул беле,
Жетимдик да, жесирлик да бирдей келип.

Мен келемин үмүтүмдү жетелеп,
«Таш боор ажал, кое турчу, келбе» !- деп.
Калгым келет көнүлдөрдү жаз кылып,
Өмүр өтүп кетелекте эртелеп.

Оо табийгат, жашатасың азгырып,
Өмүрлөрдү жаратасың аз кылып.
Өмүр кымбат, биз жашоонун коногу,
Ортобузда жашасынчы жакшылык!

Жетпеген бактыма колум сунуп,
Кусалуу олтурамын улутунуп.
Кун өтсө, эрки бекем жүрөгүңдө,
Каламын бир күнү мен унутулуп.

Окшошкон күндөр өтөт билинбеген,
Жол караган жалбыракмын дирилдеген.
Көп жигиттин ичинен сени күткөн,
Мен бир жанмын анча көзгө илинбеген.

Мага жагат сени келет деп
Кыялымдын мени алдашы
Төгүлсө да көз жаш каректен
Сен бар үчүн бакыт көз жашы

Санаа тартып, арман жүгүн артынбайм
Саат жылып, өмүр өтсө кайгырбайм,
Алды жакта өмүр узун жол узун.
Уулум, кызым өмүр улайт артымдан.

Ден- соолутум - уулумдун көздөрүнүн,
Мончок-шуру чачыласы
Өтүп кеткен жаштыгым - ал
Кызымдын сербейген сары чачы.

Көзүндү ачкын, соолук эртерээк,
Жашоо кандай сонун керемет.
Унутпагын Адам экениң,
Ким бирөөгө жакын эн керек

## С Ы Р Д А Ш У У

Жанга шерик болуп сүйбөсөң,
Азабымды тартып күйбөсөң.
Не кылайын жалгыз калганда,
Өзүм менен өзүм сүйлөшөм.

–

## АРНОО ЫРЛАР

### Булбул Суранчиева эжекеге!

Билим берип, асыл сөздөр айттыңыз,
Сапар улап, келбес жакка кайттыңыз.
Окуйбуз деп, чачыңызды агарттык,
Ушул жерде -биз -олтурган жалпыбыз.

Жаздын жытын жакшы көрчүү элеңиз,
Сөзүңүздү жаштарга айтып беребиз.
Арабызда жок болсо да көзүңүз,
Өзүңүзгө таазим кылып келебиз.

## Маматова Дамира эжеге

Эшиктен кирип келсем аяр басып,
Китептер күтүп турат жол карашып.
«Чакырчы, эже кайда кеткен»,-дешип,
Китептер Сизди күтөт жалдырашып.

Көзүмдү алакачам китептерден
Кандай гана оор сөз «келбейт» - деген.
Колуңуздун издерин издей берем,
Баягы китеп турган текчелерден.

Апасын күтүп турган балага окшоп,
Бир китеп сизди күтөт кайгы коштоп.
Кантсин анан үмүтүн үзө албай,
Китеп ыйлайт, мен да ыйлайм сизди жоктоп.

### Зыйнат эже!

Кичи пейил, мүнөзүңүз өтө сылык,
Бизден жакшы билесиз жашоо кызык.
Зыйнат эже төрүбүздө жүрө бериң,
Жашооңузда болбосун кыйынчылык.

### Минавар эже!

Көйнөк кийген, же пушту, же кырмызы,
Майин мүнөз факультеттин бир кызы.
Жүзүңүзге түшпөсүн дейм көлөкө,
Маңдайы ачык дайым жарык жылдызы.

### Мастура!

Чачың узун, тилегиң дагы узун,
Көз салышып, суктанышат тымызын.
Тил илимин жалпылап жүрүш жаса,
Заман өзү барктап алат бир кызын.

## Салтанат!

Кызыл гүлгө окшотобуз **бир** карап,
Сендей кыздар пейилинен бак табат.
Нурга бөлөн, үй бүлөңдө аман бол,
Биз сыйлаган Аманова Салтанат.

## Асылкан!

Болду эми «болбойт деген ойду бузгун,
Өзүңө жакшы шартты кенен түзгүн.
Сүйүүнүн калагы жок кайыгында,
Сен дагы түйшүк тартып талбай сүзгүн

## Жылдыз!

Жүзүңдө күлмүңдөгөн жылуулук бар,
Кудайым кур койбогон сулуулуктан.
Жайнаган жылдыздардын арасынан,
Ак жылдызсың бизге жакын жанып турган.

## КААЛООЛОР

**Кызым - Жыпаргүл!**

Сизге мамлекеттик экзаменде жолуктум. Уктум! Аяп кеттим! Мен жетимиш жети жаштамын. Көкүрөккө түнөгөн, Сизге тиешеси жакындаган каалоо – кеңешимди жазгым келди.

I. «Өзүңдү сүй бир гана». Бул Пушкиндин сөзү. Чын. Керектүүлүгүң азайса, суз тиктөө көбөйөт экен. Бала деле, эр деле, тууган деле жалындоосун жапырт көргөзбөй калышат тура! Ошондуктан оорубоонун, кор болбоонун камын жаштайыңдан өзүң жасап бар.

II. «Саны көптүн баркы жок». Бул да чын. Баркыңды кемитпегиң келсе, күлкүнүн, шаан-шөкөттүн, мамиленин, кийүү-ичүүнүн санын азайт. Дегеним, биз өмүр бою жакын жана кайдыгер адамдардын арасында жашоону уланта берет турбайбызбы. Алардын мамилеси кадыр-барктын рельсасы менен жылып келет тура.

III. Кара башты кара тагдырдын түртүп кетмей адаты бар. Түртүндү түртүп өтсө, түңүлүп апкаарыба. Андай учурда эки пикирди медер тута жашоону улант.

1-пикир: мындан да жаман болуп калсам кантээр элем? Шүгүр–дейин.

2-пикир: ушул азаптуу күн – менден да өтөөр, кетээр. Ишенейин – деп күн өткөр.

IV. Төрөдүң. Балабы? Балээби? Экөөнүн тең үйдөн чыгышы мүмкүн. Ошондуктан, ыйманга шире. Кызды үй турмушуна, уулду жашоо турмушуна көнүктүр. Кыздын, уулдун милдеттерин тизмеле. Он жыл кетсе да, жылдарга бөлүп, четинен каныктырып, көнүктүрүп бар.

V. Көндүм адат – алаксытуучу, азгыруучу пейил. Ага өзүңдүн эрктүүлүгүңдү каршы кой. Азыр шайтанга жеңдиргендер **жалгыздык** дей беришчү болду. Чындыгы бар. Бирок анын ыраатында, наалатын да түзүүчү - адам өзү. Ошону иштесе да күн өтөт, иштебесе да күн өтөт. Минуттук шам-шумга шайтандын кол жоолугу болуу - өтө эле пастык иш.

VI. Жашооң – жазгы күндөй;
келечегиң – таңкы үмүттөй;
ден соолугуң – койдун уузундай;
өмүрүң – Жамбыл жашындай;
кадырың – Курманжан даткадай болушун каалайм!

Мамади Байымбетов
«Республиканын Эл мугалими»
«Республиканын эмгек сиңирген мугалими»
«Республиканын өзгөчө эмгек сиңирген пенсионери»
Ош МУнун Ардактуу профессору жана окумуштуулар кеңешинин мүчөсү
СССдин, Кыргызстандын Эл агартуусунун отличниги.
12.11.2003. Ош ш.

**Атанын кызы – Жыпаргүл**

Көк-Белдин келбетинин кооздугун, кереметтүүлүгүн, берекелүүлүгүн, анын тарыхын эч нерсе менен салыштырууга болбойт.

Чындыгында, айрым инсандардын оюу да тоодой бийик, тоодой залкар экенин көрүүгө болот. Албетте, теңдешсиз жер, чиркин! Көптөгөн уул-кыздары менен сыймыктанабыз.

Атаңдын дагы бирге иштешкен кесиптештери да, эл да, туугандары да, бийликтегилер да, байлыкка чиренгендер да, өз курбалдаштары да зор урмат, зор сый көрсөтүп турушар эле. Чынында эле, ал киши турмушту, жашоонун маңызын акыл-парасат менен туюп, аны талдап, келечегин өз курбалдаштарынан бир кадам алдыга суурулуп чыгып, көрө билген билимдүү, чыгаан инсандардан эле…

Сен ата менен сыймыктанууга жана ал жөнүндө түбөлүктүү из калтырууга тийишсиң. Ошондуктан Мому агабыз жөнүндө материал топтоп, тамшанта турган поэма жаратууну унутпагын. Бул жагдайда сенин чыгармачылык талантың, күч-кубатың, дараметиң жетерине ишенем. Айрыкча анын мукам үнү, кара жаак чечендиги, бийик адамгерчилиги, билими, жетекчилик иши, айкөлдүгү, боорукерлиги, өткүр мүнөзү, жөнөкөйлүгү өз замандаштарынын сезиминин түпкүрүнөн түнөк тапканын изилдеп табуу милдети сенин мойнуңда турат.

Жыпар! Сени «түптүү элдин кызы» - дешет, сени «атанын кызы» - дешет. Бул сөз айкаштарынын тереңинде не деген баалуу философиялык ойлор жатат. Сендей кыздары менен көк-белдиктер да сыймыктанышат жана ага негиз бар.

Казыбаев Ташан
Кыргыз ССринин эл агартуусунун отличниги.

31.01.2004. Көк-Бел айылы.

## Жыпар эжекеге

Жүзүнөн төгүлөт нурлары,
Сулуулук өзгөчө бул дагы.
Эч качан тартпастан капалык,
Жашасын, көп болсун сый жагы.

Ыр да жазат: «Болбой калдым колуктуң»…
Бул кечеде жакшы мага жолуктуң.
Дайым бар бол. Ачык турсун асманың,
Сен болбосоң факультетке толот муң.

К.Кимсанов. акын.

25.03.2004.

## Жыпар эжекеге

Жылдыз болчу жанып өчкөн жымыңдап,
Жылуулукту чаччы күндүн нурундай.
Жакшылыктан үмүт үзбө жылмайган,
Жарашпастыр санаа сага кымындай.

Алымбек

2004.

### Жыпар эжекеме

Агартуучу арасынан Жыпар эжем,
Алла Таала талантынан берген белем.
Ар убак көргөн сайын суктанамын,
Ал өңдөнүп мен да акын болсом дегем.

Китептерге болдуңузбу шам чырак,
Эмгектенип алга карай камчылап.
Жыпар эже өзү сүйгөн кесип менен,
Өнөрүңүз өсө берсин ташкындап.

Эмгектенип жалаң гана жакшылыкта,
Эчактан Сиз иштедиңиз ушул нукта.
Болгуң келсе Жыпар эже сыяктуу,
Ырга бай филфактын суусун уурта.

Кудайбердиева Бегайм 3-курс.

### Жыпар эжекеме

Муңайыштуу бирде шаттуу, кайгылуу,
Жүргөндөйсүз сырлар ичте катылуу.
Билгим келет бирок кантип сурайм,
Сурай албай ойлуу карап турамын.

Сулуу жүздү неге тырыш басып барат,
Ушул суроо кайра эле кыйнап турат.
Муңайымдуу көрүнбөчү эжекебай,
Сыйлаган, урматтаган сиңдиң сурайт.

Студентиңиз 311- окуу залы.
2004.